Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы

# Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама

## 2006-жылдын III чейреги

## 3 (21)

2006-жылдын ноябрь айы

Бишкек

*Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама*

Редакциялык кеңеш:

| | |
|---|---|
| Төрага: | Ишенбаев М. |
| Кеңештин мүчөлөрү: | Цыплакова Л. |
| | Илебаев Н. |
| | Чокоев З. |
| Жооптуу катчы: | Балбакова Ч. |

Басылманын мазмунуна байланыштуу маселелер боюнча:
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101 дареги боюнча,
(996 3312) 66-90-59 телефону,
(996312) 61-07-30 факсы аркылуу кайрылсаңыздар болот.
Электрондук почта: chbalbakova@nbkr.k

Басылманын таркатылышына байланыштуу суроолор боюнча:
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
Тышкы жана коомдук байланыштар бөлүмүнө
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101 дареги боюнча,
(996 3312) 66-90-09 телефону,
(996312) 61-07-30 факсы аркылуу кайрылсаңыздар болот
Электрондук почта: aaibalaeva@nbkr.kg
http://www.nbkr.kg

Басылма республикадагы жана анын региондорундагы керектөө бааларынын динамикасына түшүндүрмөлөрдү жана инфляциянын негизги факторлорун анализдөөнү камтыйт, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акчакредит саясаты чөйрөсүндөгү чечимдери жөнүндө маалымдайт жана анда келерки мезгилге инфляциялык болжолдоолор келтирилет. Чейрек сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланып турат.

Басылманын маалыматтарын жаңыртуунун акыркы күнү: 2006-жылдын 31-октябры.

Уюштуруучусу: Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы.
Басылма Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигинде 628-номеринде каттоодон өткөрүлгөн.

«UnitPrint» басма борборунда басууга даярдалды жана басылып чыгарылды.
300 нускада чыгарылат.

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2006-жыл.

Бул басылма Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксатысыз кайрадан басылып чыгарылууга жана кайсыл формада жана кандай каражаттар аркылуу болбосун таркатылууга тийиш эмес. Басылманы көчүрүп басууда жана которууда «Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама» басылмасына милдеттүү түрдө таянуу зарыл.

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын басылмалары

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жылдык отчету***
Басылма Улуттук банктын өткөн жыл үчүн толук отчету болуп саналат. Ал өзүнө республиканын экономикалык өнүгүшү жана акчакредит саясаты, финансылык отчеттуулук, Улуттук банк жөнүндө жалпы маалыматтарды, статистикалык тиркемелерди камтыйт. Кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени***
Бул маалыматтык басылма Кыргыз Республикасынын негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрү, экономика секторлору боюнча статистикалык маалыматтарды камтыйт. Ай сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми***
Басылма тышкы сектордун өнүгүү тенденцияларын чагылдырат жана Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеминин аналитикалык жана нейтралдуу формада берилиши, тышкы сооданын түзүмү, эларалык камдар, тышкы карыз, эларалык инвестициялык позиция боюнча маалыматтар менен таблицаларды камтыйт. Анда төлөм теңдемин түзүүнүн ыкмалары жана маалымат базасы келтирилген. Басылма чейрек сайын – январь, май, июль жана октябрь айларында кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланып турат.

***Банк тутумунун өнүгүү тенденциялары***
Финансылык ортомчу катары банк тутумунун өнүгүшүнө иликтөөлөрдү жүргүзүү жана ага баа берүү, ошондой эле банк тутумунун турукташуусунун курамдык элементтерине баа берүү «Банк системасынын өнүгүү тенденциялары» басылмасынын максаты. Басылма жарым жылда бир жолу кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары***
Республиканын коммерциялык банктарын жана коомчулукту Улуттук банктын ченемдик актылары жана банктын иши жөнүндөгү расмий маалыматтар менен камсыз кылуу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарын кеңири жайылтуу үчүн Улуттук банктын ченемдик актыларын расмий жарыялоо бул басылманын негизги максаты болуп саналат. Басылма айына бир жолу кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланып турат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын пресс-релизи***
Улуттук банкта жана бүтүндөй банк тутумунда болуп өткөн жаңылыктарды, Улуттук банктын бир жума ичиндеги ыкчам маалыматтарын, финансы рыногу боюнча аналитикалык материалдарды жана жалпыга маалымдоо каражаттары, юридикалык жактар жана жеке адамдар үчүн башка маалыматтарды камтыйт. Жума сайын кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланат.

## МАЗМУНУ

**1. УЧУРДА ОРУН АЛГАН ТЕНДЕНЦИЯЛАР ........ 5**

**2. КЕРЕКТӨӨ БААЛАРЫНЫН ИНДЕКСИ ЖАНА АНЫ ТҮЗҮҮЧҮЛӨР ........ 6**

2.1. КЕРЕКТӨӨ БААЛАРЫНЫН ИНДЕКСИН ТҮЗҮҮЧҮЛӨР ........ 6

2.2. КЕРЕКТӨӨ БААЛАРЫНЫН РЕГИОНДОР БОЮНЧА ДИНАМИКАСЫ ........ 8

**3. ИНФЛЯЦИЯ ФАКТОРЛОРУ ........ 9**

3.1. АКЧА ТОПТОМДОРУ ........ 9

3.2. ПАЙЫЗДЫК ЧЕНДЕР ........ 10

3.3. АЛМАШУУ КУРСУ ........ 13

3.4. СУРОО-ТАЛАП ЖАНА СУНУШ ........ 14

**4. АКЧАКРЕДИТ САЯСАТЫ БОЮНЧА НЕГИЗГИ ЧЕЧИМДЕР ........ 17**

4.1. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫНЫН НЕГИЗГИ ЧЕЧИМДЕРИ ........ 17

4.2. АКЧАКРЕДИТТИК ЖӨНГӨ САЛУУ КОМИТЕТИНИН НЕГИЗГИ ЧЕЧИМДЕРИ ........ 17

4.3. 2006-ЖЫЛДЫН ТӨРТҮНЧҮ ЧЕЙРЕГИНДЕ КҮТҮЛҮҮЧҮ ИНФЛЯЦИЯГА БАА БЕРҮҮ ........ 18

# 1. УЧУРДА ОРУН АЛГАН ТЕНДЕНЦИЯЛАР

Улуттук статистика комитетинин алдынала маалыттары боюнча 2006-жылдын 9 айы ичинде ички дүң продукт 2005-жылдын тиешелүү мезгилиндегиге караганда 3,2 пайызга өскөн. Алтын кенин өндүрүп алуучу «Кумтөр» комбинатынын продукцияларын эске албаганда, анын өсүшү 6,1 пайызды түзгөн. Кошумча нарктын көбөйүшүн негизинен кызмат көрсөтүүлөр жана айыл чарбасы камсыз кылган. Өнөржайында төмөндөө байкалууда, анын ИДПга үлүшү, өткөн жылдын тиешелүү мезгилиндегиге караганда, 1,7 пайызга кыскарган (жарым жыл ичинде – 1,3 пайызга).

Кыргыз Республикасынын соода балансынын тартыштыгы үчүнчү чейрек ичинде көбөйгөн жана 301,2 млн. АКШ долларын түзгөн. Тышкы соодалык жүгүртүү ФОБ баасында 52,3 пайызга өскөн. Мында КМШ өлкөлөрү жана алыскы четөлкөлөр менен товар жүгүртүү тиешелүүлүгүнө жараша 46,1 жана 59,4 пайызга өскөн. Товарлардын экспорту ФОБ баасында 19,3 пайызга көбөйгөн, ал эми товарлардын импорту 71,3 пайызга өскөн.

Үчүнчү чейрек ичинде банктар аралык кредит рыногунда пайыздык чендердин орточо деңгээли өзгөргөн эмес жана РЕПО операциялары боюнча 3,1 пайызды түзгөн, бирок улуттук валютадагы банктар аралык кредиттер боюнча чендер 3,5 пайызга чейин же 0,3 пайыздык пунктка жогорулаган.

Сентябрь айынын акырына карата мамлекеттик казына векселдеринин бардык түрлөрү боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен чейректин башындагыга салыштырганда 1,8 пайыздык пунктка төмөндөө менен 9,0 пайызды түзгөн. Кирешелүүлүктүн орточо деңгээли экинчи чейректегиге салыштырганда, үчүнчү чейректе 10,2 пайызга чейин же 1,6 пайыздык пунктка көбөйгөн.

Улуттук банктын баасы боюнча 2006-жылдын төртүнчү чейрегинде керектөө бааларынын өсүүсү 2,5-3,1 пайыз деңгээлинде күтүлүүдө.

# 2. КЕРЕКТӨӨ БААЛАРЫНЫН ИНДЕКСИ ЖАНА АНЫ ТҮЗҮҮЧҮЛӨР

## 2.1. КЕРЕКТӨӨ БААЛАРЫНЫН ИНДЕКСИН ТҮЗҮҮЧҮЛӨР




**2.1-сүрөт. Керектөө бааларынын индексинин (КБИ) жылдык динамикасы**




**2.2-сүрөт. КБИнин түзүмү**




**2.3а сүрөтү. Азыктүлүк товарларына баанын жылдык динамикасы**




**2.3б сүрөтү. Азыктүлүк товарларына баанын жылдык динамикасы**

2006-жылдын үчүнчү чейрегинде баалардын ушул мезгил үчүн мүнөздүү болгон төмөндөөсү байкалган. Улуттук статистика комитетинин (УСК) маалыматтары боюнча, 2006-жылдын үчүнчү чейрегинде керектөө бааларынын индексинин төмөндөөсү 1,5 пайызды түзгөн.

Тамакаш азыктарына, ошону менен катар эле айылчарба азыктарына баанын сезондук төмөндөөсү дефляцияны шарттаган. Азыктүлүк товарларына баанын төмөндөөсү 2006-жылдын үчүнчү чейрегинде 4,4 пайызды түзгөн. Баалар азыктүлүктөн башка товарларга 0,9 пайызга, акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө – 3,9 пайызга көтөрүлгөн.

### 2.1.1. Азыктүлүк товарлары

2006-жылдын үчүнчү чейрегинде азыктүлүк товарларына карата баанын динамикасы «жашылча-жемиш», «кант» жана «кондитер азыктары», «эт» тобундагы товарларга баанын төмөндөшүнүн таасиринен улам түзүлгөн.

Ушул жылдын жашылча-жемиштеринин түшүмү рынокко түшө баштагандан бери, алардын баасы үчүнчү чейректе 24,5 пайызга төмөндөгөн. Сентябрь айында жашылча-жемиштерге карата баа (2005-жылдын декабрына карата) 6,5 пайызга төмөндөгөн (2005-жылдын тиешелүү мезгилинде баалар 2,2 пайызга өскөн), анын ичинде жашылчалар 2,8 пайызга кымбаттаган, ал эми жемиштер –18,0 пайызга арзандаган. Улуттук статистика комитетинин маалыматы боюнча айылчарба, мергенчилик жана токой чарбасы продукцияларын дүңүнөн алуу 2005-жылдын тиешелүү мезгилиндегиге салыштырганда, ушул жылдын 9 айынын ичинде 2,8 пайызга көбөйгөн. Алып көрсөк, картофелди өндүрүү 15,1 пайызга, ал эми мөмөлүү жана бахча өсүмдүктөрүнүн түшүмү тиешелүүлүгүнө жараша 31,9 жана 15,1 пайызга көбөйгөн, ал эми жашылча өндүрүү болжол менен алганда 2005-жылдын 9 айынын деңгээлинде эле калган.

Ошону менен бирге эле, өсүмдүк өстүрүү ба-

гытынан алган продукциялардын коңшу өлкөлөргө экспорттолушунун көбөйүшү баанын өсүшүн күчөткөн кошумча фактор болуп калган. Ошондой эле, жыл башынан түптөлгөн динамикада эт жана эт азыктарына (жыл башынан бер баалар 8,4 пайызга), май жана тоң майларга (5,8 пайызга), нан жана нан азыктарына жана талканга (2,4 пайызга) баалардын өсүшү уланууда. Жыл башынан бери кантка баанын кыйла өсүшү (28,3 пайызга) белгиленген. Кантка баа негизинен биринчи чейректе көтөрүлгөн, андан кийин баанын өсүшү басаңдаган.

### 2.1.2. Азыктүлүктөн башка товарлар

Азыктүлүктөн башка товарларга баанын индекси 2006-жылдын үчүнчү чейрегинде 0,9 пайызга өскөн. Баалардын биркыйла жогорулашы «күйүүчү-майлоочу материалдар» (8,4 пайызга), «кийим тазалоо, бүтөө жана прокатка берүү» (7,3 пайызга) статьясы боюнча катталган. Кийим-кечеге жана бут кийимдерге (0,5 пайызга), үй тиричилигине керектүү буюмдарга (0,6 пайызга) баанын өсүшү байкалууда.

### 2.1.3. Кызмат көрсөтүүлөр

Акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө баанын индекси 2006-жылдын үчүнчү чейрегинде 3,9 пайызга өскөн. Ошону менен катар эле, билим берүү жагында кызмат көрсөтүүлөрүнө баа (15,0 пайызга) олуттуу жогорулаган, байланыш (1,0 пайызга) жана маданий иш-чараларды уюштуруу боюнча (0,9 пайызга) кызмат көрсөтүүлөрдүн баасы кымбаттаган.




**2.4а сүрөтү. Азыктүлүктөн башка товарларга баанын жылдык динамикасы**




**2.4б сүрөтү. Азыктүлүктөн башка товарларга баанын жылдык динамикасы**




**2.5а сүрөтү. Акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө баанын жылдык динамикасы**




**2.5б сүрөтү. Акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө баанын жылдык динамикасы**




**2.6а сүрөтү. КБИнин областтар боюнча жылдык динамикасы**




**2.6б сүрөтү. КБИнин областтар боюнча жылдык динамикасы**

## 2.2. КЕРЕКТӨӨ БААЛАРЫНЫН РЕГИОНДОР БОЮНЧА ДИНАМИКАСЫ

2006-жылдын үчүнчү чейрегинде, Жалалабат областын эсепке албаганда, республиканын дээрлик бардык региондорунда баалардын төмөндөгөндүгү байкалган. Жалалабат областында баалар 0,7 пайызга жогорулаган, анын ичинде тамакаш азыктарына карата баалар 0,4 пайызга, азыктүлүктөн башка товарларга баа 2,1 пайызга өскөн.

Азыктүлүк товараларына карата баалардын тиешелүүлүгүнө жараша 11,3 жана 7,0 пайызга олуттуу төмөндөөсүнөн улам, Нарын областы (5,2 пайызга) жана Ысыккөл областы (2,9 пайызга) боюнча баалардын бир кыйла төмөндөшү белгиленген.

Бишкек шаарында баанын 1,4 пайызга төмөндөөсү катталган, мында тамакаш азыктары 4,4 пайызга арзандаган, ал эми азыктүлүктөн башка товарларга жана акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө баалар, тиешелүүлүгүнө жараша, 0,4 жана 4,9 пайызга өскөн.

# 3. ИНФЛЯЦИЯ ФАКТОРЛОРУ

## 3.1. АКЧА ТОПТОМДОРУ

### 3.1.1. Акча базасы

Акча базасы 2006-жылдын үчүнчү чейрегинде 14,7 пайызга көбөйгөн. Акча базасынын өсүшү 2005-жылдын сентябрь айындагыга салыштырганда 40,1 пайызды түзгөн.

Акча базасы 2492,3 млн. сомго, анын ичинде Улуттук банктын операцияларынын эсебинен – 2560,2 млн. сомго көбөйгөн. Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигинин операциялары камдык акчалардын көлөмүн 67,9 млн. сомго төмөндөткөн.

Жүгүртүүдөгү акчалар 14,2 пайызга көбөйгөн; жүгүртүүдөгү акчалардын өсүшү 2005-жылдын сентябрь айындагыга салыштырганда 39,5 пайызды түзгөн. Бул өткөн жылдын ушул эле мезгилиндеги өсүш арымынан (тиешелүүлүгүнө жараша 5,5 жана 18,6 пайызга) кыйла жогору.

Акча базасынын түзүмүндө жүгүртүүдөгү нак акчалардын үлүшүнүн (0,3 пайыздык пунктка) төмөндөшү жүргөн, ал 2006-жылдын сентябрь айынын акырына карата 87,9 пайызды түзгөн. Демек, коммерциялык банктардын Улуттук банктагы корреспонденттик эсептериндеги каражаттарынын үлүшү 12,1 пайызга чейин көбөйгөн.

### 3.1.2. М2 акча топтому

М2 акча топтомунун – улуттук валютадагы кеңири мааниде колдонулуучу акчалардын өсүшү 2006-жылдын үчүнчү чейрегинде 14,6 пайызды түзгөн (2005-жылдын үчүнчү чейрегинде өсүш 6,5 пайызды түзгөн). 2005-жылдын сентябрь айындагыга караганда М2 39,4 пайызга өскөн (2004-жылдын үчүнчү чейрегиндегиге караганда – 24,8 пайызга).

Улуттук валютадагы депозиттер 16,0 пайызга көбөйгөн (2005-жылдын үчүнчү чейрегинде өсүш 21,5 пайызды түзгөн), анын ичинде которулмалуу депозиттердин өсүшү 19,7 пайызды (2005-жылдын үчүнчү чейрегинде өсүш 11,0 пайызды) түзгөн, башка депозиттердин өсүшү – 7,6 пайызды (2005-жылдын үчүнчү чейрегинде өсүш 47,8 пайызды) түзгөн. 2005-жылдын сентябрь айындагыга салыштырмалуу улуттук валютадагы депозиттер 39,0 пайызга өскөн.




**3.1-сүрөт. Акча топтомдорунун жылдык динамикасы**

### 3.1.3. М2Х акча топтому

Четөлкө валютасындагы депозиттерди камтуучу М2Х акча топтому отчеттук мезгилде 13,7 пай-

ызга көбөйгөн. Мында коммерциялык банктардын депозиттери[1] жана банктардан тышкаркы нак акчалар тиешелүүлүгүнө жараша 12,8 жана 14,3 пайызга өскөн. Четөлкө валютасындагы депозиттердин өсүшү ушул жылдын үчүнчү чейрегинде 10,8 пайызды (жылдын экинчи чейрегинде – 5,5 пайыз) түзгөн, бул 2005-жылдын үчүнчү чейрегиндеги деңгээлден бир азга (11,1пайызга) төмөн.

M2X ачка массасынын түзүмүндө отчеттук мезгилде олуттуу деле өзгөрүүлөр болгон эмес:

| **M2X акча топтомунун түзүмү** | **Үлүшү,** *пайыздар* | |
|---|---|---|
| | II чейрек | III чейрек |
| Банктардан тышкаркы нак акчалар, анын ичинде: | 59,9 | 59,9 |
| - улуттук валютадагы депозиттер | 15,6 | 15,4 |
| - четөлкө валютасындагы депозиттер | 24,6 | 24,5 |

Эң оболу, экинчи чейректегидей эле, Улуттук банктын таза эларалык камдарынын көбөйүүсүнүн эсебинен банк тутумунун таза четөлкө активдеринин (ТЧА), ошондой эле экономикага кредиттердин өсүшүнүн эсебинен банк тутумунун таза ички активдеринин көбөйүүсүнүн эсебинен накта четөлкө активдеринин артышы M2X акча топтомунун өсүш динамикасын шарттаган негизги себептен болуп калган.

Финансылык ортомчулук деңгээлин мүнөздөөчү кеңири мааниде колдонулуучу акча мультипликатору 1,4 түзгөн (экинчи чейректин акырына карата – 1,42).

M2X кеңири мааниде колдонулуучу акча жүгүртүү ылдамдыгы бир азга өзгөргөн жана 4,8 жүгүртүүнү түзгөн (экинчи чейректин акырына карата – 4,7).

Экономиканы монетизациялоонун M2X акча топтому боюнча эсептелген коэффициентинин мааниси отчеттук мезгилде ИДПнын 21,1 пайызынан 20,7 пайызына чейин төмөндөгөн.




**3.2-сүрөт. Акча рыногунун чендеринин динамикасы**

## 3.2. ПАЙЫЗДЫК ЧЕНДЕР

### 3.2.1. Акча рыногу

Үчүнчү чейректин баш жагында банктар аралык кредит рыногунун РЕПО операциялары сегментинде акча каражаттарын сунуштоонун кыскарышына байланыштуу карыздык ресурстардын

[1] Лицензиялары кайтарылып алынган, бирок жоюу процесси бүтө элек коммерциялык банктардын маалыматтарын эсепке алуу менен.

наркынын 3,3 пайыздан 3,5–3,6 пайызга чейин бираз жогорулагандыгы байкалган. Бул деңгээлде РЕПО бүтүмдөрү боюнча пайыздык чен чейректин акырына чейин сакталган.

Өткөн мезгилдердегидей эле, улуттук валютадагы банктар аралык кредиттерге нарктын динамикасы банктар аралык РЕПО операциялары боюнча чендердин олку-солкулугуна шайкеш келген. Мында акча рыногунун бул сегментинде, экинчи чейректегидей эле, нак эмес АКШ долларынын күрөөгө коюу шартында төмөнкү чен боюнча (үчүнчү чейректе 0,0 пайыздан 2,0 пайызга чейин – экинчи чейректе 2,0 пайыз) бир нече бүтүмдөр келишилген.

Отчеттук чейректе орточо алганда улуттук валютадагы банктар аралык кредит рыногунда пайыздык чендердин деңгээли өткөн чейректегиге салыштырганда өзгөргөн эмес жана 3,1 пайызды түзгөн, ал эми РЕПО операциялары боюнча чендер 3,5 пайызга чейин же 0,3 пайыздык пунктка жогорулаган.

Ички банктар аралык кредит рыногунда четөлкө валютасындагы кредиттер боюнча пайыздык чендер күрөөнүн мүнөзүнө жана бүтүмдөрдүн мөөнөттүүлүгүнө жараша 0,0 пайыздан 8,5 пайызга чейин өзгөргөн. Чейрек ичинде чендердин орто деңгээли 5,5 пайызды түзгөн, бул экинчи чейректеги пайыздык чендердин деңгээлинен 1,2 пайыздык пунктка төмөн.

Улуттук банктын өлчөмү жүгүртүү мөөнөтү 28 күн болгон ноталардын кирешелүүлүк деңгээлине барабар болгон эсептик чени отчеттук мезгилде өзгөрүүсүз – 4,27 пайыз деңгээлинде калган, анткени Улуттук банктын ноталарын жайгаштыруу боюнча бардык аукциондор катышуучулардын санынын жетишсиздигинен улам өткөрүлбөй калган.

Улуттук банктын «овернайт» кредити боюнча чени, анын өлчөмү эсептик чендин негизинде түзүлөт, бүтүндөй үчүнчү чейрек ичинде 6,41 пайыз деңгээлинде туруктуу сакталып турган. Улуттук банк «овернайт» кредиттерин берүү аркылуу коммерциялык банктарды кайра каржылоо боюнча операцияларды отчеттук мезгилде жүргүзгөн эмес.

Ошол эле учурда Улуттук банк ачык рынокто үстөк ликвиддүүлүктү жеңилдетүү боюнча операциялардын көлөмүн көбөйткөн. Алып көрсөк, үчүнчү чейректе баалуу кагаздарды банктарга РЕПО шарттарында сатуу боюнча бүтүмдөрдүн




**3.3-сүрөт. МКВнын кирешелүүлүгүнүн динамикасы**




**3.4-сүрөт. Банктар аралык валюта рыногунда 2005-2006-жылдарда доллардын курсунун өсүш арымы.**

көлөмү 525 млн. сомду түзгөн, бул өткөн чейректегиге караганда 4,7 эсеге көп (112,5 млн. сом). Бул бүтүмдөрдүн орточо алынган мөөнөтү 39 күндү жана чени – 4,7 пайызды түзгөн. Кайтарым РЕПОдон тышкары, Улуттук банк коммерциялык банктар менен АКШ долларын сатуу боюнча валюталык СВОП операцияларын жүргүзгөн, алардын көлөмү, бүтүндөй алганда, чейрек ичинде 5,0 млн. АКШ долларынан 1,9 млн. АКШ долларына чейин кыскарган. СВОП операцияларынын орточо салмактанып алынган мөөнөтү 87 күндү түзгөн.

### 3.2.2. Мамлекеттик казына векселдери

Үчүнчү чейректин башында МКВга болгон суроо-талаптын структурасында өзгөрүүлөр каталган: коммерциялык банктар кыйла узак мөөнөткө каралган векселдерге билдирмелердин көлөмүн көбөйтүү менен жүгүртүү мөөнөтү 3 ай, 6 ай жана 12 ай болгон МКВга суроо-талапты олуттуу кыскартышкан. Бул өзгөрүүлөр банктарда жүгүртүү мөөнөтү 1 жылга чейинки векселдердин кирешелүүлүгүнүн өсүшүнө жана жүгүртүү мөөнөтү 1 жылдан ашкан векселдердин кирешелүүлүгүнүн төмөндөшүнө алып келген. Июль айынын ортосунда жүгүртүү мөөнөтү 12 ай болгон МКВларды жайгаштыруу боюнча эки аукцион, ал эми август айынын башында – жүгүртүү мөөнөтү 3 ай жана 6 ай болгон векселдерди жайгаштыруу боюнча эки аукцион МКВга суроо-талаптын жоктугунан же жетишсиздигинен улам өткөрүлгөн эмес. Август айынын орто ченинде МКВ рыногунун конъюнктурасы жакшырган жана айдын аягына чейин МКВнын бардык түрлөрү боюнча кирешелүүлүктүн төмөндөшү байкалган.

Сентябрь айында жүгүртүү мөөнөтү 3 ай жана 6 ай болгон векселдердин кирешелүүлүгүнүн динамикасы бул векселдерге суроо-талаптын байкаларлык өзгөрүүсүнө байланыштуу туруксуз болгон. Ошол эле учурда векселдердин башка түрлөрү боюнча кирешелүүлүк бир деңгээлде сакталып турган.

Сентябрь айынын аягында МКВнын бардык түрлөрү боюнча орточо салмакталып алынган пайыздык чен чейректин башындагыга салыштырганда 1,8 пайыздык пунктка төмөндөө менен 9,0 пайызды түзгөн. Ошентсе да, МКВ кирешелүүлүгүнүн орточо деңгээли өткөндөгүгө салыштырганда үчүнчү чейректе 10,2 пайызга чейин же 1,6 пайыздык пунктка көбөйгөн.

## 3.3. АЛМАШУУ КУРСУ

Үчүнчү чейректе ички валюта рыногунда реалдуу секторго инвестициялар формасында четөлкөдөн депозиттердин жана четөлкө валютасында акча которуулардын агылып кирүүсүнүн андан ары өсүү шарттарында улуттук валютанын курсун чыңдоо тенденциясы улантылган.

Бүтүндөй чейрек ичинде валюта тооруктарында доллардын орточо салмакталып алынган курсу 2,4 пайызга, 39,2 сом/долларга чейин төмөндөгөн, ал эми алмашуу бюролорунда долларды сатуу курсу 2,3 пайызга, 39,1 сом/долларга чейин чыңдалган. Ошону менен бирге алмашуу бюролорунда долларды сатуунун курсу орточо алганда чейрек ичинде банктар аралык валюта тооруктарындагы доллардын курсунан 0,02 сомго төмөн болгон.

АКШ долларынын эсептик курсу сентябрь айынын аягында 39,2 сом/долларды түзүү менен үчүнчү чейректе 2,4 пайызга төмөндөгөн. Салыштыруу үчүн: өткөн жылдын үчүнчү чейрегинде доллардын эсептик курсу 0,3 пайызга төмөндөгөн жана 40,8 сом/АКШ долларын түзгөн.

Ички валюта рыногунда накталай евронун алмашуу курсу, адаттагыдай эле, анын тышкы рыноктордогу өзгөрүүсүнө ылайык өзгөргөн. Өткөн жылдын июль-август айында евронун курсу байкаларлык өзгөрүүлөргө дуушар болгон, ал эми сентябрь айында анын төмөндөө тенденциясы үстөмдүк кылган. Бүтүндөй үчүнчү чейрек үчүн алмашуу бюролорунда еврону сатуу курсу сентябрь айынын аягына карата 50,05 сом/еврону түзүү менен 1,8 пайызга, эсептик курс 49,73 сом/еврого чейин же 1,6 пайызга төмөндөгөн.

Алдынала маалыматтар боюнча 2006-жылдын үчүнчү чейреги үчүн номиналдык эффективдүү алмашуу курсу[1] 2005-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 1,3 пайыздык пунктка төмөндөгөн (нарксызданган). Өткөн чейрекке салыштырганда ал 2,8 пайыздык пунктка чыңдалган.

Реалдуу эффективдүү алмашуу курсу 2006-жылдын үчүнчү чейрегинде 2005-жылдын үчүнчү чейрегине салыштырганда 4,9 пайыздык пунктка, ал эми өтүп жаткан жылдын мурдагы чейрегине карата – 0,7 пайыздык пунктка төмөндөгөн.




**3.5-сүрөт. Эффективдүү курстун индекси**

[1] Ушул жылдын май айында эффективдүү алмашуу курсун эсептөө ыкмасы өзгөртүлгөн. Улуттук валюта четөлкө валютасынын бирдиктеринде чагылдырылат, башкача айтканда индекстин көбөйүүсү улуттук валютанын чыңдалышын, төмөндөө – улуттук валютанын басаңдашын билдирет. Индекстерди түзүү үчүн базалык мезгил аралыгы катары 2000-жыл алынат. Индекстердин тарыхый маанилери кайра эсептелинген.




**3.6- сүрөт. Соода балансы**

Ошентип, номиналдык түрдө алганда чыңдалуусуна карабастан, реалдуу алганда негизги өнөктөш өлкөлөрдө инфляциянын кыйла жогорку арымда болушунун эсебинен эффективдүү алмашуу курсунун төмөндөшү байкалууда, бул өлкөбүздүн экспорттоолорунун атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнүн артышын билдирет.

## 3.4. СУРОО-ТАЛАП ЖАНА СУНУШ

### 3.4.1. Тышкы суроо-талап

Ыкчам маалыматтар боюнча Кыргыз Республикасынын соода балансынын сальдосунун тартыштыгы 2006-жылдын 3-чейреги үчүн 301,2 млн. АКШ долларын (2005-жылдын ушул мезгил аралыгында тартыштык 125,1 млн. АКШ долларын) түзгөн.

Тышкы соода жүгүртүү (ФОБ баасында) 2005-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнүн маанисине салыштырганда 52,3 пайызга өскөн. КМШ өлкөлөрү менен товар жүгүртүү 46,1 пайызга өскөн, ал эми алыскы четөлкөлөр менен товар жүгүртүү 59,4 пайызга кыйла өскөн. Салыштыруу үчүн: экинчи чейрек үчүн КМШ өлкөлөрү жана алыскы четөлкөлөр менен товар жүгүртүүнүн өсүшү, тиешелүүлүгүнө жараша 59,3 жана 19,7 пайызды түзгөн.

Отчеттук мезгил аралыгында энергопродукцияларын, инвестициялык товарларды жана керектөө товарларын экспорттук берүүнүн көлөмүнүн орун алып жаткан кыйла өсүшү белгиленген. Ошол эле учурда негизги бөлүгүн алтын түзгөн аралык товарларынын экспортунун кыскаруусу байкалган. Энергопродукцияларынын экспорту мунайзаттарын реэкспорттоонун эсебинен өскөн. Инвестициялык товарлардын экспортторунун өсүшү пайдаланылбаган же эскирген өндүрүш жабдууларын жана аларга запастык бөлүктөрдү берүүнүн көбөйүүсүнүн эсебинен жүргөн. Баа берүүлөр боюнча товарлардын экспорту (ФОБ баасында) өткөн жылдын ушул мезгил аралыгына салыштырганда 3 чейрек үчүн 19,3 пайызга көбөйгөн. Экспорттун өсүшү КМШ өлкөлөрүнө жана алыскы четөлкөлөргө товарларды берүүнүн тиешелүүлүгүнө жараша 33,3 жана 6,4 пайызга артышынын эсебинен камсыздалган. Учурда алтындын экспорту 24,4 пайызга кыскарган. Алтынды эсепке албаганда, экспорт 43,8 пайызга өскөн (экинчи чейректе бул өсүш 29,5 пайызды түзгөн).

Алыскы четөлкөлөргө экспорттун үлүшү 2006-

жылдын 3-чейреги үчүн өткөн жылдын ушул мезгил аралыгына салыштырганда 51,4 пайыздан 45,5 пайызга чейин кыскарган. КМШ өлкөлөрүнө экспорттун үлүшү бардык экспорттук берүүлөрдүн жалпы көлөмүндө 48,6 пайыздан 54,5 пайызга чейин көбөйгөн. КМШ өлкөлөрүнүн ичинен олуттуу үлүштү Казакстанга (29,1%) жана Россияга (17,8 %) экспорт түзгөн.

Алдынала маалыматтарга караганда товарлардын импорту (ФОБ баасында) 2006-жылдын 3-чейреги үчүн 2005-жылдын тиешелүү мезгил аралыгына караганда 71,3 пайызга көбөйгөн. КМШ өлкөлөрүнөн импорт 52,4 пайызга көбөйгөн, ал эми алыскы четөлкөлөрдөн импорт 95,6 пайызга олуттуу өскөн.

Функционалдык классификациялоонун бардык статьялары боюнча импорттук келип түшүүлөрдүн өсүшү байкалган. Адаттагыдай эле, КМШ өлкөлөрүнөн жалпы импорттун 50 пайызын түзгөн мунайзаттардын импорту негизги үлүштү ээлейт.

Алыскы четөлкөлөрдөн инвестициялык жана керектөө товарларын берүүлөр өскөн, бул өлкөлөр чогуу алганда импортунун 80 пайызын түзөт. Импорттун жалпы көлөмүндө жүк ташуучу автомобилдерди, байланыш жабдууларын, башка атайын жабдууларды импорттук берүүнүн өсүшүнүн эсебинен инвестициялык товарлардын үлүшү (32,8%) кыйла өскөн.

2006-жылдын алгачкы эки чейрегинен айырмаланып, 3-чейректе КМШ өлкөлөрүнөн импорттун үлүшү 2005-жылдын тиешелүү мезгил аралыгына салыштырмалуу 63,2 пайыздан 46,6 пайызга чейин кыскарган. Ал эми алыскы четөлкөлөрдөн импорттун үлүшү салыштырмалуу 36,8 ден 53,4 пайызга чейин өскөн. АКШдан импорттун үлүшү (19,3%) жабдууларды берүүнүн эсебинен байкаларлык өскөн. Ошол эле учурда, Россиядан (30,3% чейин) жана Казакстандан (10,0% чейин) импорттун салыштырмалуу салмагы кыскарган.

### 3.4.2. Ички суроо-талап

#### 3.4.2.1. Жеке керектөө

Улуттук статистика комитетинин маалыматтары боюнча 2006-жылдын январь-сентябрь айлары үчүн эмгекке акы 17,6 пайызга көбөйгөн. Соода жүгүртүүсүнүн, автомобилдерди, тиричилик буюмдарын жана жеке керектөө буюмдарын оң-

доонун жүгүртүү көлөмү 9 айда 15,3 пайызга өскөн.

### 3.4.2.2. Мамлекеттик чыгашалар

Мамлекеттик бюджеттин кирешелеринин 2006-жылдын 9 айы ичинде 2005-жылдын тиешелүү мезгил аралыгындагыга караганда 24,1 пайызга көбөйүүсү шартында эмгек акыны төлөөгө кеткен чыгашалар 9,3 пайызга өскөн. Мамлекеттик бюджеттин чыгашалары 23,5 пайызга көбөйгөн. Мамлекеттик ишканаларга субсидиялар 11,8 пайызга өскөн. Капиталдык салымдарга жана оңдоолорго каражаттар 2005-жылдын тиешелүү мезгил аралыгына караганда 51,6 пайызга көп жумшалган.

### 3.4.2.3. Инвестициялар

Улуттук статистика комитетинин алдынала маалыматтарына ылайык 2006-жылдын январь-сентябрь айлары үчүн негизги капиталга (объекттердин курулушу, реконструкцияланышы, кеңейтилиши жана техникалык кайра жабдылышы) инвестициялар 4040,9 млн. сомдон 7052,9 млн. сомго чейин олуттуу өсүү менен 2005-жылдын тиешелүү мезгил аралыгына караганда 25,5 пайызга көбөйгөн. Инвестиция түзүмүндө каржылоо булактары боюнча "калайык-калктын каражаттары жана башкалар" статьясы (38,1 %) кыйла салыштырмалуу салмакты ээлейт.

### 3.4.3. Ички дүң продукт

Улуттук статистика комитетинин алдынала маалыматтары боюнча 2006-жылдын 9 айы үчүн ички дүң продукт 2005-жылдын тиешелүү мезгил аралыгына караганда 3,2 пайызга (жарым жылдыкта – 3,1 пайызга) өскөн. Анын өсүшү "Кумтөр" алтын-кен казып алуу комбинатынын продукциясын эсепке албаганда, 6,1 пайызды (жарым жылдыкта – 6,5 пайызды) түзгөн. Өнөржайдын дүңүнөн алгандагы кошумча наркы 11,4 пайызга (жарым жылдыкта – 0,8 пайызга) кыскарган. Айылчарбасында жана курулушта кошумча нарктын тиешелүүлүгүнө жараша 2,8 жана 21,7 пайызга (жарым жылдыкта – 2,4 жана 9,5 пайызда) өсүшү катталган. Соодада бул көрсөткүчтүн өсүшү 15,4 пайызды (жарым жылдыкта – 14,5 пайызды) түзгөн.

# 4. АКЧАКРЕДИТ САЯСАТЫ БОЮНЧА НЕГИЗГИ ЧЕЧИМДЕР

## 4.1. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫНЫН НЕГИЗГИ ЧЕЧИМДЕРИ

Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2006-жылдын 19-июлунда "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын РЕПО аукциондорун өткөрүү тартибинин" (Улуттук банк Башкармасынын №10/1 токтому менен кабыл алынган, 2006-жылдын 30-июнунда күчүнө кирген) 2.10 пунктунун негизинде "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын тике РЕПО аукциондору жөнүндө" №20/5 токтому кабыл алынган.

Бул документ тике РЕПО аукционунда сатып алуунун-сатуунун предметин жана мамлекеттик баалуу кагаздарды РЕПО тике аукционунда сатып алууда-сатууда алардын баасын эсептөө үчүн колдонуучу дисконттоонун катталган ченинин өлчөмүн аныктайт.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана Улуттук банкы тарабынан "Өтүп жаткан жылга акчакредиттик саясат жөнүндө" Биргелешкен билдирүүгө кошумча, 2006-жылдын 2-августунда №555/23/1 "Кыргыз Республикасында инфляция арымын басаңдатуу боюнча 2006-жылга ишчаралардын планы жөнүндө" токтому кабыл алынган.

2006-жылдын 8-сентябрында "2006-жылдын 1-жарым жылдыгы үчүн акчакредит саясат жөнүндө отчет" (Улуттук банк Башкармасынын №26/2 токтому) каралган жана маалымат иретинде эске алынган.

Улуттук банк Башкармасынын 2006-жылдын 27-сентябрындагы №28/8 "Милдеттүү камдык талаптарды эсептөө үчүн колдонулуучу доллардын алмашуу курсу жөнүндө" токтомуна ылайык, 2006-жылдын 2-октябрынан 2007-жылдын 3-июнуна чейинки мезгил аралыгында милдеттүү камдык талаптарды эсептөө үчүн АКШ долларынын катталган курсунун мааниси бир АКШ доллары үчүн 39,3 сом деңгээлинде белгиленген.

## 4.2. АКЧАКРЕДИТТИК ЖӨНГӨ САЛУУ КОМИТЕТИНИН НЕГИЗГИ ЧЕЧИМДЕРИ

Жүгүртүү мөөнөтү 28 күндүк ноталарды сатуу боюнча аукциондор тооруктун катышуучуларынын санынын жетишсиздигинен улам өткөрүлбөгөн катары таанылган.

Банк тутумунда ликвиддүүлүктү жөнгө салуу максатында Комитет баалуу кагаздарды РЕПО шарттарында сатууну сунуштаган. МКВ(ж) сатуу көлөмү 525,0 млн. сомду түзгөн.

Улуттук банк ички рынокто АКШ долларына карата сомдун алмашуу курсунун кескин өзгөрүлмөлүүлүгүн теске салууга багытталган четөлкө валютасын сатып алуу боюнча интервенцияларды жүргүзгөн, алардын көлөмү 64,4 млн. АКШ долларын түзгөн.

## 4.3. 2006-ЖЫЛДЫН ТӨРТҮНЧҮ ЧЕЙРЕГИНДЕ КҮТҮЛҮҮЧҮ ИНФЛЯЦИЯГА БАА БЕРҮҮ

Улуттук банктын баа берүү боюнча 2006-жылдын төртүнчү чейрегинде керектөө бааларынын 2,7-3,1 пайыз деңгээлинде өсүшү болжолдонууда.